Каралды
педагогикалык кеңештин
№____ ________________
«_____»__________2022-ж

Бекитем
Актилек жалпы билим берүү
орто мектебинин директору
______Суранчиев К.Т.
«_05_»_сентябрь_2022-ж

**Актилек жалпы билим берүү орто мектебинин коррупцияга каршы күрөшүүнү уюштуруу боюнча**

**ЖОБО**

1. Жалпы жоболор
1.1. Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө жобо Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 8-августундагы № 153 "Коррупцияга каршы аракеттенүү" жөнүндө Мыйзамына ылайык иштелип чыккан
1.2. Жобонун максаты - мектептеги коррупциянын алдын алуу жана ага каршы күрөшүүнү камсыз кылуу үчүн бирдиктүү мамилени калыптандыруу
Жобонун максаттары:

- билим берүү процессинин бардык катышуучуларына ченемдик укуктук актылар жөнүндө маалымат берүү
- коррупция менен күрөшүү боюнча ишти камсыз кылуу жана мектепте коррупциялык иштер жасалган учурда ал иш үчүн жоопкерчиликке тартуу
- коррупциялык укук бузууларды болтурбоо;
- мектепте коррупцияга каршы күрөшүүнүн негизги принциптерин аныктоо;
- мектепте коррупциянын алдын алууга жана ага каршы күрөшүүгө багытталган иш-чараларды иштеп чыгуу жана аны жүзөгө ашыруу.

Бул Жобо коррупцияга каршы күрөшүүнүн,коррупциянын алдын алуу, укуктук жана коррупциялык укук бузуулардын кесепеттерин жоюу үчүн мектептин уюштуруучулук негизги принциптерин белгилейт.

1.3. Ушул Жобонун максаттары үчүн төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

1.3.1. коррупция:

а) кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу, пара берүү, пара алуу, коммерциялык пара алуу же башка мамлекеттик мүлктү мыйзамсыз пайдалануу, коомдун жана мамлекеттин мыйзамдуу кызыкчылыктарына каршы келген иштерди жүргүзүү,акча, баалуу буюмдарды алуу ;

б) ушул пункттун "а" пунктчасында көрсөтүлгөн аракеттерди, мекеменин кызматкери өзүнүн кызыкчылыгы үчүн жасоо;

1.3.2. Коррупцияга каршы күрөшүү- билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын иши:

а) коррупцияны алдын-алуу, себептерин (коррупциянын) аныктоо жана кийинки учурга болтурбоо же жоюу;

б) коррупцияны аныктоо, алдын алуу, бөгөт коюу, ачыкка чыгаруу жана укук бузууларды аныктоо (коррупция менен күрөшүү);

в) коррупциялык укук бузуулардын кесепеттерин азайтуу.

1.4. Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн негизги принциптери:

- адамдын жана жарандын негизги укуктары менен эркиндиктерин таануу, камсыз кылуу жана коргоо;

- мыйзамдуулук;

- мамлекеттик жана өзүн-өзү башкаруу органдарынын ишинин маалымдуулугу жана ачыктыгы;

- коррупциялык укук бузуулар үчүн жоопкерчиликтин сөзсүз болушу;

- уюштуруу, маалыматтык-үгүттөө жанабашка чаралар;

- коррупциянын алдын алуу боюнча чараларды колдонуу.

2. Коррупциянын алдын алуу боюнча негизги чаралар.

Коррупциянын алдын алуу төмөнкүдөй негизги чараларды колдонуу менен жүзөгө ашырылат:

2.1.Мектептин педагогикалык жана башка кызматкерлеринин коллективинде коррупциялык иштерди болтурбоо боюнча тартип эрежелерин калыптандыруу;

2.2.Окуучуларга, ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөрү) коррупциялык иштерге каршы укуктук маалыматтарды жеткирүү ;

2.3. КРнын укуктук мыйзамдарынын сакталышы үчүн мектепте чыгарылган бардык жергиликтүү актыларга мониторинг жүргүзүү;

2.4. Мектептин кызматкерлерине жана ата-энелерине коррупцияга каршы күрөшүү боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

**3. Коррупцияга каршы чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуунун негизги багыттары.**

3.1. мектептин билим берүү процессин башкаруу органдарынын муниципалдык уюмдар жана жарандык коом менен биргеликте коррупцияга каршы өз ара аракеттенүү механизмин түзүү;

3.2. Коррупция менен күрөшүүдө кызматкерлерди, ата-энелерди жана окуучуларды мыйзамга ылайык келбеген, коррупциялык иштери үчүн жоопкерчиликке тартуу, административдик жана башка чараларды кабыл алуу;

3.3. Мектептин башкаруу органдарынын иш тутумун жана түзүмүн өркүндөтүү;

3.4. мектептин башкаруу органдарынын ишинде коомдук көзөмөл механизмдерин түзүү;

3.5. Мектептин кызматкерлеринин жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн), окуучуларды билим берүү процессинин иши жөнүндө маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу

3.6. Мектептин педагогикалык жана башка кызматкерлеринин кызматтык нускамаларында ыйгарым укуктарын көрсөтүү ачык чагылдырылышы керек;

3.7. Мекеменин кызматкерлери тарабынан ата-энелерден (мыйзамдуу өкүлдөр) пара талап кылган бардык учурлар жөнүндө мекеменин жетекчисине кабарлоо үчүн шарттарды түзүү.

**4. Коррупцияга каршы күрөшүүнү уюштуруу негиздери**

4.1. Коррупцияга каршы иш-аракеттерди жалпы башкаруу мектептин директору тарабынан жүргүзүлөт. Коррупциянын алдын алууга, укук бузууларды алдын-алууга (мындан ары жооптуу адам) жооптуу адамдар мектеп директорунун буйругу менен дайындалат.

4.2. Жооптуу адам:

- өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде коррупцияга каршы күрөштү жүзөгө ашырат;

- мектептин кызматкерлеринен, ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) мекеменин коррупциялык көрүнүштөрү тууралуу фактылары менен билдирүүлөрдү кабыл алат;

- коррупцияга каршы үгүттөөнү жана билим берүү процессинин катышуучуларын тарбиялоону жүзөгө ашырат;

- коррупцияга каршы пландарды жана отчеттук документтерди даярдайт

- мекемедеги коррупцияга каршы саясатты мекеменин жетекчисине чейин жүргүзүү;

- коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенет;

- мектеп кызматкерлеринин чектөөлөрдү жана тыюу салууларды, талаптарды аткаруусуна кепилдик берет,

- коррупцияга шарт түзгөн себептерди жана шарттарды аныктоо жана жоюу боюнча чараларды көрөт;

**5. Коррупциялык укук бузуулар үчүн жеке жана юридикалык жактардын жоопкерчилиги**

5.1. Кыргыз Республикасынын жарандары коррупциялык укук бузуулар үчүн мыйзамга ылайык жарандык жана административдик тартиптик жоопкерчиликке тартылат.

5.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык коррупциялык кылмыш жасаган жеке адам соттун чечими менен мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын айрым кызмат орундарына ээ болуу укугунан ажыратылышы мүмкүн.

**6. Өзгөртүүлөрдү киргизүү**

6.1. Ушул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор укук бузууну алдын алуу кеңеши жана жооптуу адам тарабынан киргизилет жана мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.

**7. Корутунду жоболор**

7.1. Бул Жобо директор буйрук менен бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.